12.00.01- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча **«Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу»** аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Чонатаева Мээримай Салижановнанын** диссертациясы боюнча боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн **юридика илимдеринин доктору, доцент Мурзабекова Жыпар Таавалдиевнанын**

## КОРУТУНДУСУ

Чонатаева Мээримай Салижановнанын диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү. К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин окумуштуулар кеңешинин отурумунунда 2021-жылдын 6-апрелинде №14 токтому менен бекитилген, **«Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу»** аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Чонатаева Мээримай Салижановнанын** диссертациясы Д 12.24.695 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет.

**Кыргыз Республикасындагы аялдардын эгегин укуктук жөнгө салуу** изилдөө жүргүзүлгөн, ал толугу менен 12.00.01 - укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет. Бул эмгек илимде бар тажырыйбаны гана жалпылоо болуп эсептелбестен, анын негизинде турган күчүндөгү мыйзамдар турган, толук кандуу өз алдынча изилдөө болуп эсептелет. Жактоого коюлган жоболор диссертанттын жеке өзү тарабынан иштелип чыгып, бул темадагы изилдөө мамлекеттик тилде жазылган тунгуч эмгектердин катарына кирет. Жогоруда айтылгандардын бардыгы 12.00.01- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы адистигинин паспортунун пункттарына толук дал келет.

2. **Диссертациялык иштин максаты** – аялдардын эмгегин жөнгө салуу боюнча Кыргыз Республикасынын жеке эмгек укугунун институттарынын ченемдерин иштеп чыгуунун өзгөчөлүктөрүн теориялык жана укуктук изилдөөнүн негизинде аялдардын эмгеги боюнча колдонуудагы ченемдерди

талдоо жана колдонуудагы эмгек мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Коюлган максаттарга ылайык изилдөө процессинде төмөнкү маселелер чечилди:

1. Кыргыз Республикасында эмгек укугун ишке ашырылуусундагы гендердик аспектилердин көйгөйлөрүн аныктоо;
2. Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин жөнгө салуунун мыйзамдык негиздерин талдоого алуу;
3. аялдардын эмгегин жөнгө салуунун эл аралык стандарттарын изилдөөгө алуу, алардын алгылыктууларын мыйзам чыгаруу органдарына сунуштоо;
4. Кыргыз Республикасында аялдардын жана үй-бүлөлүк милдеттери бар адамдарды ишке орноштуруунун өзгөчөлүктөрүн кароо;
5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аялдардын эмгек шарттарынын өзгөчөлүктөрүн талдоо;
6. Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин коргоо маселелерин изилдөө;
7. Кыргыз Республикасында эмгек чөйрөсүндө аялдарды коргоонун механизмдерин талдоо жана аны өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине шайкештиги.**

**Изилдөөнүн объектиси.** Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укукутук жөнгө салуу жаатында коомдук мамилелери.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргыз Республикасында аялдардын эмгегин укукутук жөнгө салуучу мыйзамдык нормалардын мазмуну, иш жүзүндө колдонулуп жаткан укуктук позициялар.

**Изилдөө ыкмаларынын диссертациянын максаттарына шайкештиги.** Изилдөө методдору: жалпы жана жеке илимий методдор, атап айтканда, жалпылоо жана синтездөө, диалектикалык, структуралык-аналитикалык, салыштырмалуу укуктук, формалдуу системалык-логикалык, салыштырмалык-структуралык, тарыхый, статистикалык методдор, ошондой эле мыйзамдардын жана практиканын өнүгүү перспективаларына карата божомолдоо методу.

Адистик боюнча изилдөөгө коюлган талаптар 12.00.01- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы шифрлерине дал келет.

**Диссертация темасынын актуалдуулугу.**

Гендердик теңчилик, гендердик басмырлоого жол бербөө алар демократиянын негизги түзүүчү элементтери, ошондуктан аларга жетишүү

бардык өлкөлөрдө артыкчылыктуу саясий жана социалдык милдеттердин бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасы эл аралык деңгээлде кабыл алынган эмгек чөйрөсүндөгү актыларды жетекчиликке алуу менен жана аларда айтылган идеяларды Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекемдөө менен бул тармактагы улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү үчүн укуктук негиздерди түзөт. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарыяланган нукура гендердик теңчиликти камсыз кылуу үчүн аялдар үчүн эмгекке болгон укукту жүзөгө ашырууда бирдей мүмкүнчүлүктөрдү бере турган шарттарды түзүү зарыл. Мисалы, билим алууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, энеликти жана наристеликти коргоо, жумуш ордунда сексуалдык асылууларга жол бербөө, ошондой эле зомбулуктун ар кандай түрлөрү, коопсуз жана татыктуу эмгек шарттарын камсыз кылуу ж.б. аялдардын эмгекке болгон укугун ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү алардын эмгектик укуктук мамилелердеги өзгөчө укуктук статусу менен байланыштуу. Аялдардын эмгектик укук мамилелериндеги укуктук статусунун өзгөчөлүгү анын эмгектик укук субъективдүүлүгүнүн чектелүүлүгү жана эмгектик укуктарды ишке ашыруу процессинде өзгөчө спецификалык укуктук кепилдиктердин болушу менен айырмаланат. Азыркы учурда Кыргыз Республикасы гендердик теңчилик боюнча өнүккөн улуттук мыйзамдарды түзө алды, ал өзүнө жашоо-турмуштун тигил же бул чөйрөсүндө гендердик теңчилик жана басмырлоодон коргоо жөнүндө жоболорду камтыган адистештирилген, ошондой эле жалпы мыйзамдарды камтыйт.

Диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу толугу менен негизделген жана аргументтелген.

**3. Илимий натыйжалар**

Эмгекте төмөнкүдөй илимий негизделген теориялык натыйжалар көрсөтүлгөн, алардын жыйындысы юридикалык илимдин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ:

*1-натыйжа.* Аялдардын эмгекке болгон укуктарынын өзгөчөлүктөрү алардын эмгек мамилелериндеги өзгөчө укуктук статусуна байланыштуу. Эмгек мамилелериндеги аялдардын укуктук абалынын өзгөчөлүгү алардын эмгектеги укуктук субъектилигин чектелген мүнөзү жана эмгек укуктарын ишке ашыруу процессинде өзгөчө спецификалык укуктук кепилдиктердин болушу менен айырмаланат, **деп негизделген.**

*2-натыйжа.* **Сунушталган,** Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 93-беренесине айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен ага төмөнкүдөй мазмунда кошумча абзацты киргизүү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз: «Бала багуу боюнча өргүүдө жүргөн аялдар, баласы бир жарым

жашка чыкканга чейин, толук эмес жумуш убактысында иштеген учурларда, анын узактыгы эмгек келишиминин тараптарынын макулдашуусу боюнча белгиленет. Баланы багуу боюнча мамлекеттик жөлөкпулду төлөө аялдын толук эмес жумуш убактысында иштеген убактысына карабастан жүргүзүлөт».

*3-натыйжа.* **Негизделген сунуш**, 1993-жылдын 16-августундагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №380 Токтому менен бекитилген аялдардын убактылуу эмгекке жарамдуулугун жоготкондугу боюнча көрсөтмөнүн 17-пунктуна төмөнкүдөй мазмундагы кошумча абзацты киргизүү керек деген ойдобуз: «Башка аялга (суррогаттык энеге) алардын ортосундагы макулдашууга ылайык эмбрионун имплантациялоого макулдугун берген аялга бала төрөлгөндөн кийин 70 календардык күн (эки же андан көп бала төрөлсө 110 календардык күн) акы төлөнүү менен эмгекке жарамсыздык уруксат кагазы берилет.

*4-натыйжа.* **Сунушталган,** эмгек мыйзамдарынын ченемдерин талдоо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине 59-статьянын 4-пунктуна төмөнкүдөй мазмундагы толуктоолорду киргизүү боюнча сунушту иштеп чыгууга мүмкүндүк берди: «Аялдардын кош бойлуу же балалуу экендигине байланыштуу себептерден улам алар менен эмгек келишимин түзүүдөн баш тартууга тыюу салынат», бул менен аялдарга эмгек келишимин түзүүдө кепилдиктер орнотулат.

*5-натыйжа.* Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдарды эч себепсиз жумушка алуудан баш тартууда же кош бойлуу аялдарды олуттуу себепсиз жумуштан бошотууда жумуш берүүчүлөрдө кылмыштын белгиси каралбагандыгына байланыштуу мындай учурларда кээде жумуш берүүчүлөр өзүм билемдикке да барып коюшат. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза кодексинин 27-главасына төмөнкүчө жаңы беренени киргизүүнү сунуш кылабыз: «Боюнда бар аялдарды себепсиз жумушка алуудан баш тартуу же аларды негизсиз жумуштан бошотуу» бул мыйзамды бузуу үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин белгилөө, **деп негизделген.**

*6-натыйжа.* **Негизделген сунуш**, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесинде каралган ченем «Үйдө иштөө үчүн эмгек келишимин түзгөн адамдар үйдө иштөөчү болуп саналат...» «үй» түшүнүгүн аныктабайт. Биз бул беренени үйдө жумуш кылгандар деп эмес «атайын эмгек келишиминин негизинде жашаган жеринде жумуш кылгандар» деп өзгөртүүнү сунуш кылабыз.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесинин редакциясын өзгөртүүнү сунуштайбыз «Жашаган жери боюнча ишти аткаруу үчүн эмгек келишимин түзгөн адамдар үйдө иштөөчү деп таанылат….».

*7-натыйжа.* **Негизделген сунуш**, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 304-беренесинде 3 жашка чейинки балдары бар аялдар үчүн белгилүү бир шарттарды эске алуу менен ашыкча жана түнкү жумуштарга жол берген, ошол редакциясын өзгөртүүнү сунуштайбыз. Бала бир жарым жашка чыкканга чейин эмгектин мындай түрлөрүнө тыюу салууну белгилөө зарыл, ал эми өзгөчө режимде иштөө мүмкүнчүлүгү аялга анын макулдугу менен жана ден соолугуна зыян келтирбестен баланы жашы бир жарымга жеткенден кийин гана берилиши мүмкүн.

Мындай тыюу салуу бала үчүн негизги жоопкерчиликти өзүнө алган жана аны үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө өткөрүп бербеши керек болгон эне тарабынан балага тийиштүү кам көрүү жана камкордук көрүүнү камсыз кылат.

*8-натыйжа.* Кош бойлуу аялдарга Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 306-беренесинде белгиленген орточо эмгек акысын сактоо менен өндүрүштүн ченемдерин, тейлөө стандарттарын төмөндөтүү, башка ишке которуу боюнча кепилдиктерде аялдарды башка ишке которуунун мөөнөтүн үч жылга чейин көбөйтүү зарыл. Үч жашка чейинки баласы бар аялды мурунку иштеген жеринде орточо эмгек акысын сактоо менен анын өтүнүчү боюнча башка ишке которууну иш берүүчүнүн милдеттенмеси катары камсыз кылуу, **деп негизделген.**

**3.1. Бардык берилген натыйжалар жаңылыктын белгиси менен айырмаланат.**

*1-натыйжа.* **Жаңы көрүнүш,** аялдардын эмгекке болгон укуктарынын өзгөчөлүктөрү алардын эмгек мамилелериндеги өзгөчө укуктук статусуна байланыштуу.

*2-натыйжа.* **Жаңы көрүнүш,** Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 93-беренесине айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен ага мазмунда кошумча абзацты киргизүү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз.

*3-натыйжа.* **Жаңы гипотеза,** 1993-жылдын 16-августундагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №380 Токтому менен бекитилген аялдардын убактылуу эмгекке жарамдуулугун жоготкондугу боюнча көрсөтмөнүн 17-пунктуна кошумча абзацты киргизүү керек деген ойдобуз.

*4-натыйжа.* **Жаңы көрүнүш,** эмгек мыйзамдарынын ченемдерин талдоо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине 59-статьянын 4-пунктуна толуктоолорду киргизүү боюнча сунушту иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.

*5-натыйжа.* **Жаңы гипотеза,** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдарды эч себепсиз жумушка алуудан баш тартууда же кош бойлуу аялдарды олуттуу себепсиз жумуштан бошотууда жумуш берүүчүлөрдө кылмыштын белгиси каралбагандыгына байланыштуу мындай учурларда кээде жумуш берүүчүлөр өзүм билемдикке да барып коюшат.

*6-натыйжа.* **Жаңы гипотеза,** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесинде каралган ченем «Үйдө иштөө үчүн эмгек келишимин түзгөн адамдар үйдө иштөөчү болуп саналат...» «үй» түшүнүгүн аныктабайт.

*7-натыйжа.* **Жаңы көрүнүш,** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 304-беренесинде 3 жашка чейинки балдары бар аялдар үчүн белгилүү бир шарттарды эске алуу менен ашыкча жана түнкү жумуштарга жол берген, ошол редакциясын өзгөртүүнү сунуштайбыз.

*8-натыйжа.* **Жаңы көрүнүш,** кош бойлуу аялдарга Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 306-беренесинде белгиленген орточо эмгек акысын сактоо менен өндүрүштүн ченемдерин, тейлөө стандарттарын төмөндөтүү, башка ишке которуу боюнча кепилдиктерде аялдарды башка ишке которуунун мөөнөтүн үч жылга чейин көбөйтүү зарыл.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө (материалдарды топтоо жана илимий тыянактарды аргументтөө ыкмалары).**

*1-натыйжа.* **Негизделди жана аргументтелди,** аялдардын эмгекке болгон укуктарынын өзгөчөлүктөрү алардын эмгек мамилелериндеги өзгөчө укуктук статусуна байланыштуу.

*2-натыйжа.* **Негизделди,** Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 93-беренесине айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен ага мазмунда кошумча абзацты киргизүү максатка ылайыктуу деп эсептейбиз.

*3-натыйжа.* **Далилденди,** 1993-жылдын 16-августундагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №380 Токтому менен бекитилген аялдардын убактылуу эмгекке жарамдуулугун жоготкондугу боюнча көрсөтмөнүн 17-пунктуна кошумча абзацты киргизүү керек деген ойдобуз.

*4-натыйжа* **Далилденди,** эмгек мыйзамдарынын ченемдерин талдоо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине 59-статьянын 4-пунктуна толуктоолорду киргизүү боюнча сунушту иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.

*5-натыйжа.* **Аныкталды,** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аялдарды эч себепсиз жумушка алуудан баш тартууда же кош бойлуу аялдарды олуттуу себепсиз жумуштан бошотууда жумуш берүүчүлөрдө

кылмыштын белгиси каралбагандыгына байланыштуу мындай учурларда кээде жумуш берүүчүлөр өзүм билемдикке да барып коюшат.

*6-натыйжа.* **Негизделди жана аргументтелди,** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 358-беренесинде каралган ченем «Үйдө иштөө үчүн эмгек келишимин түзгөн адамдар үйдө иштөөчү болуп саналат...» «үй» түшүнүгүн аныктабайт.

*7-натыйжа.* **Негизделди,** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 304-беренесинде 3 жашка чейинки балдары бар аялдар үчүн белгилүү бир шарттарды эске алуу менен ашыкча жана түнкү жумуштарга жол берген, ошол редакциясын өзгөртүүнү сунуштайбыз.

*8-натыйжа.* **Далилденди,** кош бойлуу аялдарга Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 306-беренесинде белгиленген орточо эмгек акысын сактоо менен өндүрүштүн ченемдерин, тейлөө стандарттарын төмөндөтүү, башка ишке которуу боюнча кепилдиктерде аялдарды башка ишке которуунун мөөнөтүн үч жылга чейин көбөйтүү зарыл.

**3.3. Диссертациянын теориялык мааниси.**

Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси, ал чет өлкөлүк позитивдүү тажрыйбаны колдонуу менен эмгек укугунун айрым институттарында аялдардын эмгегин укуктук изилдөөдөгү боштукту толтургандыгында.

**3.4. Бул эмгек кандидаттык диссертациянын төмөнкү классификациялык критерийлерине туура келет, тактап айтканда**:

Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү боюнча, жаңы илимий багыттын иштелип чыгышы же тиешелүү илимий багыттардын биринин концептуалдык иштелип чыгышы жана принципиалдуу жаңы натыйжалардын мазмуну, анын жыйынтыгы илимдин тиешелүү тармагында ири илимий жетишкендик болуп саналат;

Диссертациянын натыйжаларынын жаңылык деңгээлине ылайык, жыйынтыктар жаңы;

Диссертациянын натыйжаларынын баалуулугу боюнча ал өтө жогору;

Диссертациянын темасына байланыштуу пландалган изилдөө, демилгелүү иштер;

Колдонулган маанидеги тезистин натыйжаларын пайдалануу деңгээлине ылайык - тармактар аралык деңгээлде;

Диссертациянын натыйжаларын кеңири колдонуу боюнча сунуштарга ылайык, колдонулуучу мааниси бар, кеңири колдонууну талап кылат.

4. **Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси** биринчи кезекте диссертациянын материалдары тармактык юридикалык илим үчүн практикалык зор мааниге ээ.

Диссертациянын теориялык жоболору жана тыянактары Кыргыз Республикасынын саясий илиминин тиешелүү аспектилери боюнча эмгектерди жаратууда, жогорку окуу жайларында саясат таануу сабактарын өтүүдө да колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык изилдөө теориялык жоболору аялдардын эмгегине байланышкан мыйзамдарды кайрадан карап чыгууда, аларга айрым толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүүдө мыйзам чыгаруу органдары тарабынан колдонулууга ээ боло алат деген ишеничтебиз. Ошондой эле, айрым сунуш-пикирлерибиз жана көз караштарыбыз юридика факультеттеринин «эмгек укугу» курсунда, аялдардын эмгекке болгон укугу боюнча атайын курстарда окутуучулар жана студенттер тарабынан пайдаланылат.

**5. Авторефераттардын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет. Автореферат кыргыз жана орус тилдерине которулган.

**6. Эскертүү:** маселелери жетиштүү деңгээлде каралган эмес деп эсептейбиз. Кыргыз Республикасында эмгек чөйрөсүндө аялдарды коргоо механизмдерин тереңирээк талдоо жана негиздөө жана аны өркүндөтүү ишти практикалык жана теориялык жактан байытмак.

**7. Сунуштар:** теориялык-укуктук негиздери жөнүндө саясий жана укуктук доктриналарды иштеп чыгуу маселеси өзүнчө фокустук изилдөөлөрдүн предмети болууга тийиш.

**8. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо тууралуу сунуштун негиздүүлүгү:**

Д 12.24.695 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, ю.и.д., доцент, Мурзабекова Ж.Т., Чонатаева Мээримай Салижановнанын кандидаттык диссертациясы боюнча:

**Жетектөөчү уюм** катары 12.00.01- укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридикалык илимдердин докторлору иштеген Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э. А. Алиев атындагы академиясынын мамлекеттик-укуктук дисциплиналар кафедрасын сунуштайт, дареги: Бишкек ш., Чокан Валиханов көч., 1а;

- **биринчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин доктору, профессор, Чикеева Зура Чимырбаевна Кыргыз Россия Славян университетинин мамлекеттик жана укук теориясынын кафедрасынын башчысынын м.а. профессору – юридикалык илимдердин доктору (12.00.01 авторефераты боюнча адис); анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Понятие законности в теории права. Вестник КРСУ. 2020. Т. 20. № 3. С. 6972. https://arch.kyrlibnet.kg/?&npage=download&nadd=23249
2. Факторы, способствующие распространению и сохранению коррупции в системе государственной службы, и коррупционные риски. Вестник КРСУ. 2020. Т. 20. № 3. С. 54-58. http://vestnik.krsu.edu.kg/archive/144?heading=410
3. Развитие правовой системы Кыргызской Республики на современном этапе - Право. Журнал Высшей школы экономики. 2018. № 2. 216-228 https://law-journal.hse.ru/2018--2/222001813.html
4. Women and Childrens Rights in the Republic of Kazakhstan: Theory and Practice International Journal of Innovative Approaches in Social Sciences 2018, Vol. 2(4) 173-183 https://ijiasos.penpublishing.net/makale/908
5. Правовые системы стран Центральной Азии: проблемы развития и взаимовлияния - Журнал Правовая мысль в образовании, науке и практике Алтайский государственный университет, Россия, 2018, 4 (8), стр.4-7 http://elibrary.asu.ru/handle/asu/5924

- **экинчи расмий оппонент катары** юридика илимдердин кандидаты, доцент, Насбекова Саткынай Калыбековна Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарандык жана ишкердик процесс кафедрасынын профессору (12.00.01 авторефераты боюнча адис), анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Тенденции становления и развития института // International Scientific Journal «Theoretical & Applied Science». – 2018. – 6 стр. 25 семейного права в Кыргызской Республике (историко-правовой аспект) №05 (61). – С. 247– 250.

2. Bridewealth as an element of property matrimonial relations in common law of Kyrgyz people // International Scientific Journal «Theoretical & Applied Science». – 2018. – №07 (63). – С. 85– 87. 5 стр.

3. General characteristic of family law in Kyrgyz Republic from 1917 to 1991. // Евразийский юридический журнал, Москва, 2018 г. №12 (122) – С. 66–68. ISSN 2073-4506

**9. Корутунду:** Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө - бул укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы сыяктуу актуалдуу илимий багытты өнүктүрүүнүн жаңы концептуалдык көз карашын иштеп чыгуу болгон индивидуалдуу илимий жана квалификациялык эмгек; эмгек принципиалдуу жаңы натыйжаларды камтыйт, анын жыйынтыгы юридикалык илимдеги ири жетишкендик.

**10.** Диссертациялык кеңешинин эксперти, сунушталган документттерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 диссертациялык кеңешине 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча «Кыргыз Республикасындагы аялдардын эмгегин укуктук жөнгө салуу» аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган Чонатаева Мээримай Салижановнанын кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**
**юридика илимдеринин доктору, доцент :** **Ж.Т. Мурзабекова**

*Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн колун тастыктайм:*

**Д 12.24.695 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору** **К.С. Жылкичиева**

**«17» сентября 2024 ж.**